DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Таиров Х.Р.*

# КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН АЙЫЛ ЧАРБАСЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮ

*Таиров Х.Р.*

# РАЗВИТИЕ СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА КАДАМЖАЙСКОГО РАЙОНА

*Kh. Tairov*

# DEVELOPMENT OF AGRICULTURE OF THE KADAMJAI REGION

*УДК: 94(575.2)*

*Макалада Кадамжай районунун айыл чарбасындагы өзгөрүүлөр, социалдык катмардын коомго тийгизген ролу жана орду, өлкөнүн өнүгүүсүнө кошкон салымы камтылган. Мамлекттик пландардын аткарылышы, чарба жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү, илимий-техникалык база, динамикалык көрсөткүчтөргө анализ жасалды. Жерлерди химиялаштыруу, мелиорациялоо, айыл чарбасын комплекстүү өнүктүрүү колхоз, совхоздордун материалдык-техникалык базасын чыңдоо жөнүндөгү маселеси тандалган. Өлкөнүн ветеренардык, ички саясатына карата ой-пикирлер, илимий сунуштар берилди. Асыл тукум мал чарбасын өнүктүрүү стратегиясы, ирригациялык иштердин райондун экономикасы канчалык денгээлде маанилүү экендиги ачык көрсөтүлдү. Элди тамак-аш менен камсыз кылуу андагы мүчүлүштүктөр каралды. Экономикалык каатчылыктын жүрүшүн шарттаган учурларга тарыхый баа берилди.*

***Негизги сөздөр:** айыл чарба, колхоз, совхоз, финансы, мамлекеттик план, техникалык база, мелиорация.*

*В статье освещаются изменения в сельском хозяйстве Кадамжайского района, влияние на социальное развитие в обществе, их вклад в развитие страны. Проанализированы выполнение государственных планов, особенности хозяйствования, научно-техническая база, анализ динамических показателей. Выбран вопрос химизации земель, мелиорации, комплексного развития сельского хозяйства, укрепления материально-технической базы колхозов и совхозов. Исследовано развитие племенного животноводства, который наглядно показывает значение ирригации для экономики района. Обсуждены недостатки в обеспечении населения продовольствием. Были представлены мнения и научные рекомендации по ветеринарной отрасли района. Кроме того исследованы основные отрасли сельского хозяства и их значения в развитии района в целом.*

***Ключевые слова:** сельское хозяйство, колхоз, совхоз, финансы, государственный план, техническая база, мелиорация.*

*This article covers the changes in agriculture in Kadamjai district, the role and place of social strata in society, their contribution to the development of the country. Execution of state plans, features of economic management, scientific and technical base, analysis of dynamic indicators were analyzed. The issue of chemicalization of lands, land reclamation, integrated development of agriculture, strengthening the material and technical base of collective and state farms was selected. Opinions and scientific recommendations on veterinary and domestic policy of the country were presented. The strategy for the development of pedigree livestock clearly shows the importance of irrigation to the economy of the district. Shortcomings in the provision of food to the population were discussed. The lack of economic transparency in the political system and the circumstances that led to the crisis were assessed historically.*

***Key words:** agriculture, collective farm, state farm, finance, state plan, technical base, land reclamation.*

Айыл чарба өндүрүшүн материалдык-техникалык жана финансылык жактан камсыз кылуу мамлекеттин өнүгүүсүндө экономиканын, өзгөчө айыл чарбасынын мааниси чоң экендиги талашсыз. Айыл чарбасынын техникалык жабдылышы, эмгек куралдары менен камсыз болушу, илим жана техниканын жетишкендиктерин пайдалануу деңгээли боюнча акырындык менен жогору өнүккөн мамлекеттердин алдыңкы катарына жеткирүү иштери жүзөгө ашырылат. Жашоо деңгээлине карабай, жаңы беш жылдык план оор, жеңил жана тамак-аш өнөр жайларын, орто ишканаларын, электр станцияларын куруу, транспортту өстүрүү каралган. Кадамжай районунун мамлекетке дан даярдап берүү берүү жөнүндө диференциялык ченемин белгилөө боюнча СССР Министрлер советинин 1947-жылы 21-апрелдеги №1194 токтомунун негизинде Кыргыз ССРнин Министрлер Совети жоопкерчиликти эске алып атайын токтом кабыл алган, анда 1947-жылдан баштап район көрсөтүлгөн пландан ашыкча милдетүү түрдө мамлекетке дан жетиштирип берүү милдеттемесин алган. Согушка чейин түптөлгөн колхоздорду атайын, тайпаларга бөлүп ар бири түздөн түз борбордон башкарылат. Кадамжай районунун курамында эгин талааларын жогортон уруксатсыз башка эгиндер менен алмаштырылып эгилбеши белгиленет. Чен өлчөмдөн ашыкча эгин талаалары өзгөртүлүп же дан эгилбей калып кетсе күнөлүү жоопкерчилике тартылатылган. Биринчи тайпадагы колхоздор: Ворошилов атындагы колхоз 121% арпа, Үч-көл колхозу 94% буудай, Буденного колхозу 11% жүгөрү, Эркин колхозу 16% арпа. Экинчи тайпадагы колхоздор: Кыргызстан колхозу, Каганович Сталин, Бирлик, Кайтпас 100%дан, Ленинин 78% буудай, Ничке-Таш 5%арпа, Карабулак 17% жүгөрү, Мадани-курулуш, Ак-дөбө, Гайрат, Күлдү, Охна, Абду-Самат, Берлик, Жошук, Джангииль, Ынтымак, Ноогардан, Четвертый сьезд, Калинин, Жаркотон, МТС. Үчүнчү тайпадагы колхоздор: Айдаркен, Киров 80%дан [1] жетиштирүү, экинчи беш жылдык 63% буудай 4% арпа, 22% жүгөрү жетиштирүү каралган. Бирок мындай талаптын аткарылышына табигый шарттар терс таасир тийгизген, жыйынтыгы жалпы колхоздордун планды аткаруу ишмердүүлүктөрү төмөнкүдөй көрсөткүч менен район боюнча 78% буудай, 6% жүгөрү, 5% жана башка дан эгиндери өндүрүл-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



гөндүгү, Кыргыз ССР Министрлер Советине белгилүү болгон.

Кадамжай районун айыл чарбасын өнүмдүү тармакка айландыруу программалары белгиленген. 1946-жылдардын II жарымынан эбегейсиз элдин күчү менен түптөлө баштаган чарба жаңы максаттардагы пландуу экономикалык саясатты жүргүзүгөн. 1946-жылдардын орто ченинде Кыргызстандын айыл чарба өндүрүшү өзүнүн техникалык жабдылышы боюнча бир кыйла ийгиликтерге жетишкен. Кыргызстанда башка республикалар сыяктуу эле айыл чарба өндүрүшүнүн материалдык-техникалык базасы тез темп менен өнүгө баштаган. Электр энергиясын колдонуу кеңейтилип, жерлерди химиялаштыруу, мелиорациялоо иши жакшы жолго коюлган. Айыл чарбасын комплекстүү өнүктүрүү үчүн биринчи кезекте колхоз, совхоздордун материалдык-техникалык базасын чыңдоо маселеси турган. Ал эми чарба өндүрүшүн материалдык жана техникалык жактан камсыз кылуунун негизги фактору-болуп капиталдык салымдар эсептелген. 1946-жылдан баштап Кыргызстанда айыл чарбасына карата ички инвестициялык саясатта өзгөрүүлөр байкалат. 1946-жылдан тартып Кадамжай районунун айыл чарбасын өнүктүрүүгө 3,7 млн. сом мамлекеттик жана райондук каражат жумшалган [2, 14].

Айыл чарбасына капиталдык салымдарды жумшоо жылдан-жылга өсүп турган. Колхоздордун үлүшүнө караганда мамлекеттик капиталдык салымдар 1,2 эсе көп болгон. Бирок, айыл чарбасына багытталган капиталдык салымдар толугу менен түздөн-түз сарпталган эмес. Мисалы, кээ бир чарбаларда белгилүү өлчөмдөгү каражаттар ар кандай эркин коомдордун мүчөлүк акыларын төлөөгө, медициналык жайларды, төрөт үйлөрдү камсыз кылууга жана айылдык тургундарга акысыз кинофильмдерди, оюндарды көрсөтүүгө, ар кандай сый көрсөтүү маарекелерине, түшүмдү жыйноо аяктагандан кийин түштөнүүгө, тамактанууга жумшалган. Ош областынын колхоздорундагы мал чарбачылыгынын абалы тууралуу 1949-жылга белгиленген планын аткаргандыгын жана колхоздордогу мал чарба фермаларда малдын башын мындан ары көбөйтүүгө жетишкен**.** Жылкынын 3,6%ды, ири мүйүздүү малдыкы - 3,8% кой менен эчки 7,4%ды түзгөн, област бир нече жыл ичинде малдын башын өстүрүү боюнча республикада алдынкы орундардын бирин ээлеп келсе, кээ бир жылдары төмөнкү көрсөткүчтөр белгиленет. Көпчүлүк колхоздордогу мал чарба фермалары майдаланып, аз өндүрүмдүү болуп калган: 116 колхоздогу фермаларда ири мүйүздүү мал 100гө аз, колхоздо 25 уйга аз 104 колхоздо 50гө аз, 331 колхоздо 300 канатууга аз. Ошол жылдары малдын башын өстүрүү олутуу кедерги болуп фермалардагы жалпы тубар малдын салыштырма салмагынын төмөндүгү эсептелет. Уйдун башы 27.8%, бээ 27.8%, кой-эчки - 47%ды түзгөн. 1946-1950-жылдары жылына 1,5 млн сом акча сарп кылынган. 1950-жылдын 1-январына карата бардык колхоздордо сүт, кой, канаттуулар фермалары бар, ошондой эле чочко фермасы да бар, ошону менен бирге чоң кемчиликтери болгон. Мал чарбачылыгын жетектөөнү начарлатып жиберилген, анын натыйжасында 1949-жылы колхоздордо ири жоготууларга жол берилген. Анын ичинде 1950-1960-жылдары гана жылына 2,4 млн сомго чейин каражат түшкөн пайдадан ашыкча жумшалган. 1949-жылы Кыргыз ССРнин айыл чарба министринин орун басары Потаповдун жана Ош Облисполкомдун жетекчиси Кочкеевдин [3, 445] докладына 1950-жылы анализ жасагандан кийин республиканын биринчи секретары И.А. Раззаков өлкөнүн айыл чарбасын каржылоону түздөн-түз өз көзөмөлүнө алган.

Жыйынтыгында колхоздордо жана тажрыйба чарбаларында айыл чарба өсүмдүктөрүнүн айдоо аянттары натыйжалуулугуна жараша өзгөртүлөт. 1950-жылдагы мамлекеттик планын аткарууга колхозчуларды мобилизациялоо боюнча массалык-саясий иштер аткарылган. Жеке малчылардын, фермалардын, колхоздордун жана райондордун арасында социалистик милдет уюштурулуп, алынган милдеттенмелердин аткарылышы системалуу түрдө көзөмөлдөнгөн. Мал чарбасын өнүктүрүүнүн 1949-жылкы мамлекеттик планын аткарбаган колхоздорго өзгөчө конул бурулган. Асыл тукум малдарды өстүрүү ишин жакшы жолго коюу, колхоз фермаларында породалуу, жогорку өндүрүмдүү малдардын санын көбөйтүү талап кылынган. Ушул максатта жасалма уруктандыруу пунктары, 1950-жылы жаны асыл тукум фермалар: үч ири мүйүздүү малдар фермасы, эки жылкы фермасы, үч кой фермасы, эки чочко фермасы, бир эчки фермасы, 60 канаттуулар фермасы уюштурулган [3, 17].

1950-жылга эт багытындагы малдарды өстүрүү планы бекитилип – 28,1 миң баш, анын ичинде уйлар-7,5 мин баш. Эт багытындагы мал өстүрүү формаларында зоотехникалык жана чарбалык тартип бекемделген [4, 7]. Өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу иштерине жетекчилик кылууну күчөтүү максатында тапшырма колхоздорго фермаларга, жайлоолорго жана оторлорго чейин жеткирилген. МТС директорлорунан тоют өсүмдүктөрү жана тоют даярдоо боюнча иштер белгиленген мөөнөттө аткарылышы талап кылынат. 1950-жылы эгиндерди удаалаш алмаштырып себүү 70 колхоздо, биринчи кезекте асыл тукум мал фермалары жана жогорку натыйжа берген мал чарбасы бар колхоздордо кеңири тараган.

1950-жылы колхоздорго сатуу үчүн 300 чөп

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



чаап жыйноочу косилка- 300 автосуу ичиргич, 400-электр кайчы, 100 сепаратор, 1 электр сүт саагыч алынып келинет. Ал эми райондун жалпы эгин аянттары төмөнкүдөй болгон: 1950-жылы 18175га, 1960-жылы 15700га, 1970-жылы 18054га, 1971-жылы 18843га, 1975-жылы 15105га,1976-жылы 19076га жеткен. Дан жана буурчак өстүрүү 1950-жылы 11677га, 1960-жылы 7283га, 1970-жылга 5433га, 1971-жылы 6365га, 1975-жылы 3267га, 1976-жылы 6604га эгилген [2, 40]. 1959-жылы Үч-Коргон району жоюлуп анын составындагы Кулатов атындагы совхоз толугу менен Ноокат районуна өткөрүлүп берилип калган бөлүгү Фрунзе районуна кошулган [5].

Мамлекеттик жана кооперативдик сооданын чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү 1950-жылы 6,5млн, 1950-жылы 13,6млн,1970-жылы 27,1 млн, 1971-жылы 28,0 млн, 1972-жылы 28,7 млн, 1973-жылы 29,7 млн, 1974-жылы 32,4 млн, 1975-жылы 36,8 млн 1976-жылы 38,8 млн сомго жеткен [2, 128].

Райондун социалдык-экономикалык абалын жакшыртууда коллективдүү чарбалар совхоздор негизги орунду ээлеген, бул түзүлүш көптөгөн кыскартуулардан улам төмөндөгүлөр менен тастыкталат. Район мамлекетке жүн сатуунун планын 100%, жибек пилласын 101%, мөмө-жемишти 105,5%, картошканы 100,5% аткарды. Совхоз мал чарбачылыгы боюнча райондо басымдуу орунду ээлейт.

1973-жылдан баштап райондун биринчи секретары М. Нургазиев Бүргөндү өрөөнүнүн өздөштүрүлүшү үчүн өзгөчө салым кошкон, анын жетекчилик кылган мезгилдеринде райондо көптөгөн ийгиликтүү иш–аракеттер аткарылган [6, 237].

Мамлекеттик жана кооперативдик сооданын коомдук тамактануу обороту 1950-жылдары 1,0 млн, 1960-жылдары 1,3 млн, 1970-жылы 2,2 млн, 1971-жылы 2,3 млн, 1975-жылдарга келип 3 млн 1976-жалы 3,1 млн сомго жеткен [1, 129].

Райондун экономикалык жактан чыңалуусу ар дайым эле бир калыпта болгон эмес. Республикадагы финансылык катачылыктарга карабастан, белгилүү өлчөмдөгү каражаттарды айыл чарбасын өнүктүрүүгө жумшоо айыл чарба өндүрүшүнүн материалдык-техникалык базасын көп багыт боюнча өнүктүрүүгө мүмкүндүк түзгөн. 1975-1985 жылдары Республиканын айыл чарбасына 9 миңден ашык трактор, 2 миңге жакын дан жыйноочу кобайн, 7 миңге жакын жүк ташуучу машина [2, 163], он миң деген ж.б машиналар, прицептер, мал чарба фермалары үчүн тоют даярдоочу жабдуулар келип түшкөн. Техниканын бул түрлөрү айыл чарбасын жабдууга, машиналар паркынын жакшырышына бир кыйла өбөлгө түзгөн. Колхоз, совхоздорду техника менен жабдуу толук бойдон ишке ашпаса да механикалаштыруу деңгээлинин акырындык менен өнүгүшүнө алып келди. 70-жылдардын экинчи жарымында дан эгиндерин жүктөө иштери механизацияланган. 1975-жылга салыштырмалуу 1985-жылы чөп чабуу, үймөктөө, чөмөлөө, саманды үймөктөө иштеринде механизациялоо процесси жакшы жүргөн. Айыл чарба өндүрүшүнүн негизги тармагы болгон дан чарбачылыгында механизациялоо иши өзгөчө жыйноо ишинде жакшы жолго коюлган. Бул болсо эмгек өндүрүмдүүлүктү жогорулаткан.

Республиканын мал чарбачылыгында эмгекти көп талап кылган иштерди механизациялоонун деңгээлин жогорулатуу боюнча белгилүү бир иштер жасалган. Алсак, мал чарба фермаларында машиналарды жана жабдууларды пайдаланууну жакшыртуу, мал чарба продуктыларын өндүрүүдө эмгек чыгымдарын төмөндөтүү боюнча иштер жүргүзүлгөн. Бирок мындай абал бардык эле чарбаларда кездешпейт. Көпчүлүк чарбаларда эмгекти уюштуруу, фермаларда өндүрүлгөн продукциянын сапатын жакшыртуу маселелерине көңүл бурулган эмес. Мисалы, 1981-жылдын 16-июндагы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин жана Министрлер Советинин «Айыл чарбасындагы техникаларды сактоону [7, 104] кошумча камсыз кылуу» чараларын ишке ашыруу боюнча Республиканын колхоз, совхоздоруна 26 борбордук ремонтоо мастерскоюн, 23 техникалык жактан камсыз кылуу, 14 автогараж, 11 нефтебаз куруу милдети каралган. Ал эми иш жүзүндө ирети менен 9,7,8,10 даана гана курулган. Мал чарба фермаларында механизациялоо канчалык дэңгээлде ишке ашты, фермаларда жана комплекстерде сууну таратуу 1975-жылга салыштырмалуу 1985-жылы мал чарба фермаларында механизациялоо иши бир аз да болсо жогорулаган. Мисалы, сүттү саап алуу механизациясы 85% өскөн. Ошондой эле сууну таратуу - 63%, тоют таратуу - 60%, кык чыгаруу - 64%, комплекстүү механизациялоо - 47% гана механизацияланган [8, 96].

Ири мүйүздүү малдын фермаларына караганда канаттуулар фабрикаларында механизациялоо иши жакшыраак жолго коюлган. Электрлештирүү, эгиндерди жууп тазалоого, парник жана теплицаларда кыртыш сууларын жылытууга, жерлерди сугарууга, фермаларга микроклиматтарды түзүүгө, мал чарбалыгында эмгекти көп талап кылган процесстерди автоматташтырууга жана механизациялоого жардам берет. Мына ушул багытта Кыргызстандын айыл чарбасын электрлештирүүнүн өнүктүрүү мал чарба, дыйканчылык өндүрүш процесстерин комплекстүү механизациялоодо, ошондой эле айыл калкынын электр энергиясын колдонууда бир топ иштер жасалган. Мисалы, 1975-жылы техниканын колдонушу 4646 миң ат күчүнө барабар болсо, 1985-жылы 7244 миң

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ат күчүнө жогорулаган. Натыйжада дыйкандардын кара күчтү талап кылган оор жумуштардан бошонуусуна, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулоосуна мүмкүндүк түзүлгөн. Энергетикалык кубаттуулуктун структурасында механикалык кыймылдаткычтардын үлүшү 1975-жылы 98.6% болсо салыштырмалуу 1985-жылы 99,3%ке өскөн. Мындан сырткары заводдор тарабынан өзү жүрүүчү комбайндар гана чыгарылган, ал эми алардын кыймылдаткычтары жылына 10-15 күн гана иштөөгө мүмкүндүк берген.

Дыйканчылыкты натыйжалуу өнүктүрүүнүн маанилүү багыттырынын бири химиялаштыруу жана анын негизги жана башкы составдык бөлүгү болгон минералдык жана органикалык жер семирткичтерди чачуу эсептелет. Республикада химиялык каражаттарды колдонууга чоң көңүл бурушкан, себеби жер кыртыштарынын жарымынан көбү төмөнкү түшүмдүүлүккө ээ болгон. Айыл чарба жеринин көпчүлүгү жогорку кычкылданууга ээ болуу менен акташтоону талап кылат. Тажрыйба көрсөткөндөй, айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүдө, жердин асылдуулугун арттырууда химиялаштыруунун ролу чоң. Анын натыйжасында жер кыртыштарынын сапаты жогорулап, жогорку түшүмдүүлүктү алууга шарт түзүлгөн. 1975-жылга салыштырмалуу 1985-жылы минералдык жер семирткичтер менен камсыз болуу 1,4%га өскөн. Натыйжада, бир гектар жерге 174 кг жер семирткич чачылган. Чарбаларга алынып келинген жер семирткичтердин ассортименти жакшырган. Азотту 57%га, фосфаттуу 32.4%га, калийлүү минералдык жер семирткич 42%га өскөн. Мунун негизинде айыл чарба өсүмдүктөрүнө жер семирткичтерди чачуу жогорулаган. Окумуштуулардын пикири боюнча азот жер семирткичтерин ашыкча колдонуу, азык-түлүктөрдө адам баласы үчүн зыяндуу болгон нитраттардын топтолуусуна жана малдын тоютун, айлана-чөйрөнү булгоого алып келет.

Кыргызстанда айыл чарбасын комплекстүү өнүктүрүүдө жерди мелиорациялоонун ролу чоң экендиги талашсыз. Себеби, республиканын аянтынын 93% тоолу жер түздүктөгү айыл чарба өндүрүшү негизинен сугат дыйканчылыгына негизделген. Бирок, республиканын жалпы айдоо жеринин 848 миң гана гектары сугарылат. Бул Кыргызстандын жалпы аянтынын 2.3%на барабар. Бирок ушул бир миллион гектарга жетпеген сугат жер республиканын дыйканчылыгы берген бүткүл жыйымдын 93%ын камсыз кылган. Ар бир беш жылдыкта 1.5-3 млн баш койго, 130-195 миң баш ири мүйүздүү малдар үчүн короо сарайлар, канаттуулар фабрикаларында бир миллиондон 5,6 миллион 1 баш үчүн короо жайлар курулган. Республика боюнча тоют өндүрүштүк базасын куруу маселеси өтө начар чечилген. 1981-1983-жылдары Борбордук статистикалык башкаруу жана башка көзөмөлдөө кылуучу органдар тарабынан текшерүү иштери жүргүзүлгөн. Натыйжада, текшерилген колхоздордун 35% жана совхоздордун - 34.5%да, ал эми 1984-жылы ирети менен 39.8 жана 37.8%ды «кошуп жазуу» фактылары орун алган жана булардын бети ачылган. Кадамжай районунун айыл чарбасын көтөрүүдө маданий агартуу мекемелери зор орду бар. Китеп каналар, көчмө кино студиялар, музыкалык-драма ийримдер жер-жерлерде ачылган. Алардын өкмөттүн айыл чарба тармагындагы саясатын жайылтууда мааниси жогору болгон.

**Адабияттар:**


1. Баткен областы. МА, ф-323, о-1, ед.х-4, 337-б
2. Ошская область в цифрах и фактах, Ош, 1977, 14-б.
3. КР БМА СД, ф-350,о-14,ед.х819,445-б
4. Өмүралиев Т.Ө. Кыргызстандагы өнөр жай өндүрүшүн эффективдүүлүгүн жогорулатуунун кээ бир маселелери. - Фрунзе, 1971.
5. Карашев А. Дил сезим. - Ош, 1995. - 28-б.
6. Нургазиев М. Татаал жолдор такшалтты. - Бишкек, 2003. - 237-б.
7. КР БМА СД, 56 ф., 201-оп., 68-д., 78-д., 104-б.
8. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстандын айылынын социалдык турмушу (1966-1985 жылдар). - Бишкек, 1993. - 96-б.